## Мектептин 2022-2023-окуу жылына карата милдеттери.

О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеп 2022-2023-окуу жылында билим берүү жаатындагы Мамлекеттик программалардын аткарылышы боюнча төмөнкү милдеттерди алдыга коет:

1.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеп 2022-2023-окуу жылында Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин 2022-жылындагы 5-августундагы №1529/1 чыгарылган буйругунун негизиндеги Базистик окуу планынын базистик варианты боюнча иштейт.

**2.** Класс жетекчилердин ишине көзөмөлдүүлүктү аттыруу жана ата-энелер менен байланышты күчөтүү:
-класстык сааттардын актуалдуулугу
-ата-энелер менен байланыш
-класстагы микроклиматтын абалы
-класс жетекчинин педагогикалык-психологиялык маселелерди чечүүсү
-жардамга муктаж окуучулар менен иштөөсү
-тартиби өзгөчө окуучулар менен иштөөсү
-педагогикалык кызматташтык үстүндө иштөөсү
-окуучуларды сарамжалдуулукка,эмгекке, патриоттуулукка үйрөтүү
-окуу китептеринин сакталышына көз салуу
-зордук-зомбулук,кылмыштуулук,укук бузуулардын ж.б.алдын ала иш-чараларын күчөтүү

**3.** Мектептин Усулдук Кеңешинин 2022-2023-окуу жылындагы негизги маселелери:
- усулдук бирикмелердин планын түзүүдө окутуунун алдыңкы технологияларынын колдонулушуна көмөк көрсөтүү жана көзөмөлдөө
- усулдук бирикмелердин иш-тажрыйбаларын талкуулап аларды жайылтуу, билим сапатын көтөрүүнүн жолдорун изилдөө
- усулдук бирикмелердин " PIZA2025,ОРТга даярдануусун көзөмөлгө алуу
- жаш мугалимдерге медотикалык жардам көрсөтүү
- таланттуу жана жөндөмдүү окуучулар менен иштөө ыкмаларын изилдөө жана алар менен тереңдетилген программа менен иштөөнү колго алуу
- Усулдук кеңештин алдында түзүлгөн чыгармачыл топтун алдыңкы иш тажрыйбасын жайылтуу
- Эмгек стажы 3 жылга жете элек мугалимдер үчүн «Жаш мугалимдер мектеби» түзүлөт жана аларга керектүү жардам берет
- Окутуунун алдыңкы технологияларын колдонуу менен билим сапатын арттыруу,алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу,насаатчылык иштерди жүргүзүү,ар бир мугалимдин сабак берүү ыкмаларын өркүндөтүүгө карата мектепте 5 усулдук бирикме түзүлөт:

**4.** Таланттуу жана шыктуу окуучуларды предметтик мугалимдерге бекитип берүү жана предметтик олимпиадаларга катышып туруу

**5.** 2022-2023-окуу жылында мектепти болушунча мугалим кадрлар менен толуктоо жана камсыз кылуу.

**6.** Мектептин мугалимдеринин сапаттык деңгелин көтөрүүнүн үстүндө иштөө;

7. Жылдын алдыңкы мугалими конкурсуна катышуу үчүн мугалимдердин сабак берүү ыкмаларын анализдеп ар бир мугалимге ачык сабактардын сериясын уюштуруу;

8. Мугалим өзүнүн ишине окуучулардын билим деңгээлине жараша анализ берип жыйынтык чыгаруусуна жетишүү;

9. Окуучуларды сарамжалдуулукка үйрөтүү,окуу китептеринин жакшы сакталышына көз салуу

10. Окуучулардын сабактарга болгон кызыгуусун арттыруу боюнча кружокторду түзүү;

11. Окуу кабинеттеринин санитардык-гигиеналык абалын,окуу мебелдеринин сакталышына көзөмөлдүк кылуу, аларды жаңылары менен толуктоо, учур талабына керектүү көргөзмө куралдар менен камсыздандыруу;

12. Мектептин материалдык – техникалык базасын чыңдоо үчүн кошумча каражат булактарын издөө,эл аралык уюмдар аркылуу гранттар менен иштөө үчүн жумушчу топ түзүү;

13. Мектептин муктаждыктарын чечүүдө коомчулуктун өкүлдөрү жана ата-энелер менен иштөөнү жолго коюу жана спонсорлорду тартуу, проектилерди жазуу;

14. Мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу максатында жерди иштетүү;

15. Мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясы программаларынын алкагында окууга тартылбай калган балдар менен иштөө жана аларга жардам берүү;

16. « Окуучуларды руханий-адеп ахлактык жактан өнүктүрүү жана дене тарбиялоо» концепциясынын негизинде иш алып баруу менен окуучуларды руханий, адептик жактан тарбиялоого, дендери сак, сергек болуп өсүүлөрүнө багытталган иштерди жүргүзүү.